**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# Т О К Т О М
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022ж 4-апрель **№ 17** **Жон-Арык айылы**

**Нуржанов айылдык аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча ЖОБОсун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгын ишке ашыруу максатында Нуржанов айылдык аймагынын типтүү жобосун бекитүү жөнүндө Нуржанов айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын кезексиз 10-сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгын ишке ашыруу максатында Нуржанов айылдык аймагынын типтүү жобосу бекитилсин.
2. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жайнаковго милдеттендирилсин.

**Төрайымдын орун басары** **Т.Кадыркулов**

**Нуржанов айылдык кеңешинин**

**2022-жылдын 4-апрелиндеги**

**№17 токтому менен бекитилди**

**Нуржанов айылдык аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө ~~типтүү~~ ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби.
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өторүүнүн тартиби
5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүүчү көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары.
6. Жергиликтүү комиссия.

**1. Жалпы жоболор**

1.1 Бул Жобо "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын ирээтке келтирүү чаралары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы Президенттин №54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2 Жобонун максаты айыл аймакта үй-бүлолүк салтанаттарды жана өлгөндү эске-алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс көрөлгөлөрүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт санаасы жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

**2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби**

2.1 Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алууырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын , өкмөттүк эмес уюмдардын

өкүлдөрүнөн турган төмөндөгү курамда жумушчу тобу типтүү жобонун долбоорун иштеп чыкты

2.2 Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору Нуржанов айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын 10-кезексиз сессиясында талкууланып 2022-жылдын 4-апрелинде №17 токтому менен бекитилди.

2.3 Жобонун бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте сайтка жарыяланат.

2.4 Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

**3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби**

3.1. Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою жана куда тосуу мааракe салтанаттары ж.б. кирет.

3.2. Жалпы үй-бүлөлүк салтанаттарга себет алып баруу жана мал союп түштөндүрүүгө тыюу салынсын. Мындан сырткары тойго чакырылган адамдардын саны 150дөн ашпасын. Үйлөнүү тоюнда кортежге 3 машинадан ашык чыгарылбасын.

**4. Өлгөндү эске алуу ырым – жырымдарын өткөрүүнүн тартиби.**

**4.1.** Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүдө майып чыккан үйдөн мал союлбасын.

**4.2.** Майып чыккан жерге кийит, килем-палас алып баруулар токтотулсун жана жыртыш таратылбасын.

**4.3.** Ата-бабалардан бери келе жаткан маркумду эскерип аш берүү салты ысырапкорчулукту азайтуу жолу менен калтырылсын.

**5. Жергиликтүү комиссия**

**5.1.** Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алууырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу үчүн айыл өкмотүнүн башчысынын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын , өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн турган төмөндөгү курамда жумушчу тобу Нуржанов айыл өкмотүнүн 2022-жылдын 14-мартындагы № 22 буйругу менен бекитилди **(тиркеме тиркелет).**

**5.2.** Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп,жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара көрөт.